2

## Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы

## ЧЕЧИМ №41

Базар-Коргон шаары

2021-жылдын 12 -апрель

Могол айылдык кенешинин №3 Ооган-Талаа шайлоо округу №2153 Ооган-Талаа шайлоо комиссиясынын жыйынтыктарын кайталап эсептөө жөнүндө

2021-жылдын 12-апрелинде Могол айылдык кенешинин №3 Ооганталаа шайлоо округунан депутаттыкка талапкерлери арыз менен кайрылышкан. Арызда №2153 “Ооганталаа” шайлоо участкасында өткөрүлгөн шайлоонун жыйынтыгына каршы экендигин жана аталган шайлоо участогунун торагасы Ф.Кадырованын күйөөсү да депутаттыкка талапкер болгондуктан мыйзамга туура келбей тургандыгын билдиришкен.

Арызда көрсөтүлгөн №2153 шайлоо участогунун торагасы Ф.Кадырованын күйөөсү депутаттыкка талапкерлиги мыйзам менен карама-каршы келбегендиги белгиленди. Ошондой эле 2021-жылдын 11-апрелинде добуш берүүнүн жүрүшүндө байкоочулар жана башка добуш берүү процессинин катышуучулары тарабынан мыйзам бузуулар тууралуу арыз, даттануулар түшкөн эмес. Добуш берүү аяктагандан кийин добуштарды кол менен эсептөөдө байкоочулар жана шайлоо комиссиясынын ортосунда талаш-тартыш маселе жаралып, добуш берүүнүн жыйынтыгын түнкү саат 03.00кө чейин протокол толтурууга тоскоолдук болгон.

Арыздарды карап чыгып, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. №2153 Ооган-Талаа участкалык шайлоо комиссиясындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары кайталап эсептелсин.
2. Бул чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн
3. №2153 Ооган-Талаа шайлоо участогунун төрагасы Ф.Кадыровага эскертүү берилсин.
4. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаровко жүктөлсүн.

**БАЗАР-КОРГОН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ТӨРАГАСЫ** **Н.МАДУМАРОВ**

**КАТЧЫСЫ:** **Э.ЖУМАБАЕВА**